**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 31 – октябры № 30/106**

**Маяковский көчөсүнө Абдуллаев Адылбек Ганиевичтин ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кызыл-Кыя шаардык кенешинин VI чакырылышынын депутаты маркум Абдуллаев Адылбек Ганиевичтин Кызыл-Кыя шаарынын өсүп-өнүгүүсүнө кошкон салымын, коомдук иштерге активдүү катышып, шаар тургундарына кылган кайрымдуулук иштерин эске алып, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине, шаардык кеңештин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия(диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 25 протоколуна негиз, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаарынын “Маяковский” көчөсү өзгөртүлүп, ал көчөгө Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин VI чакырылышынын депутаты, маркум Абдуллаев Адылбек Ганиевичтин ысымы ыйгарылсын.
2. Токтомго ылайык тийиштүү иш-кагаздарын даярдоо, кабыл алынган токтомду Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин алдындагы “КАДАСТР” мамлекеттик мекемесинин Кызыл-Кыя шаарындагы филиалына, Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаментинин Кызыл-Кыя шаардык “03-03” аймактар аралык бөлүмүнө каттоого жана аткарууга жөнөтүү, тургундарга маалыматты жеткирүү менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы Кызыл–Кыя шаарынын мэриясына тапшырылсын.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия(диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төраганын орун басары** **Т.Алимбекова**